TURKPA
PARLIAMENTARY ASSEMBLY OF TURKIC-SPEAKING COUNTRIES

Укуктук маселелер жана эл аралык байланыштар боюнча комиссия

Сунуштама

COM/LAIR/REC/002/FINAL

**Жетинчи жыйын**
**Астана, 1-март, 2019-жыл**

# «ТҮРКПАГА МҮЧӨ-ӨЛКӨЛӨРДҮН ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮСҮНДӨГҮ ОКШОШ КӨЙГӨЙЛӨР»

Парламенттик Ассамблея:

Жогорку билим берүүнүн дүйнөнү өнүктүрүүдө, өз ара түшүнүшүү менен толеранттуулукта, ошондой эле ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдүн жарандарынын ортосундагы өз ара ишенимди түзүүгө өзгөчө маанилүү орду бар экенин таануу менен;

ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдө жогорку билим берүүнүн азыркы абалы сандык дагы, сапаттык дагы жактан жакшы экенин баалоо менен;

ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөр ар кыл маданияттар менен тилдерди мыкты түшүнүүгө академиялык мобилдүүлүккө ар дайым каражат катары дем берип келгендигин белгилөө менен;

Чет өлкөдө окуу же иштөө адамдын маданий жана руханий жактан баюусуна көмөктөшөөрүн эске алуу менен;

Казакстан Республикасынын Президенти Нурсултан Назарбаевдин «Улуу талаанын жети кыры» атуу статьясындагы идеялар менен принциптердин маанилүүлүгүн белгилөө менен;

ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдүн ортосундагы жогорку билим берүү жаатындагы кызматташууну жүзөгө ашырууда ыңгайлуу негиз катары Түрк Кеңешинин алкагында түрк университеттеринин биригин түзүлүшүн кубаттоо менен;

Tel:+99412 5635835 | Fax:+99412 5635834 | info@turk-pa.org | www.turk-pa.org | /turkpaorg /TURK_PA
Address: 106, S.S Akhundov str., microdistrict 7, AZ1116, Binagadi / Baku / Azerbaijan

ТҮРКПАга мүчө-мамлекеттерде алган окуу курстарынын сертификаттарын, дипломдорун жана илимий даражаларды таануу теориялык жана профессионалдуулук негизде көмөктөшүүсүнө манилүү чара экенин белгилөө менен;

Квалификацияларды кеңири алкакта таануу жана бул маселени алга жылдыруу жеке жактар менен кошо жалпы түрк дүйнөсү үчүн дагы маанилүү натыйжа болооруна ынануу менен;

Күчтүү укуктук база жана жогору адистештирилген институттар менен ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдөгү жакшы иш алпарган эквиваленттүү процесстерди жогору баалоо менен;

Тараптардын баарына пайдалуу болгон, ыңгайлуу жана натыйжалуу негиздеги биргелешкен механизмдерди жана практиканы түзүү жолу менен эквиваленттүү процесстердин иштөөсүн мындан ары дагы жакшыртуу зарылдыгына көңүл буруу менен;

Азыркы таптагы жогорку билим берүүдөгү таануу практикасын өркүндөтүү керектигин, ошондой эле аны ТҮРКПАга мүчө-мамлекеттердеги жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү кырдаалга ачык-айкын, мыкты адаптацияланган абалга жеткирүү зарылдыгын аңдап-билүү менен;

ТҮРКПАга мүчө-мамлекеттерде жалпы алганда жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү, анын ичинде эквиваленттүү процесстердеги иш жүзүндөгү көйгөйлөрдү жалпылап чечилишин издөө зарылдыгын тастыктоо менен;

Мүчө-мамлекеттердин парламенттери менен өкмөттөрүнө сунуштайт:

1. Тиешелүү өкмөттүк механизмдердин алкагында эквиваленттүүлүк боюнча бюро түзүүнү же анын иштөө мүмкүнчүлүктөрүн бекемдөөнү;
2. Эквиваленттүүлүк боюнча мекемелер ортосундагы байланыштарды бекемдөө жана анын үзгүлтүксүз, тиешелүү деңгээлде иштөөсүн камсыз кылуу үчүн байланыш каналдарын түзүүнү жана байланыштыруучу жактарды аныктону;
3. Билим берүү системасы жөнүндө туура, так маалымат берүүнү, квалификацияларды таанууну жеңилдетүүнү камсыз кылууну;
4. Квалификацияны баалоодо тигил же бул маалымат үчүн жөндүү суроо-талапты аткарууда баардык окуу жайларга дем берүүнү;
5. Таануу боюнча алдын ала аныкталган компетенттүү органды белгилүү бир мөөнөттө таануу тууралуу чечим кабыл алуусун камсыздоону;

6. Чет өлкөлүк квалификацияны баалоонун жол-жобосу менен критерийлеринин ачык-айкын, ырааттуу жана ишенимдүү болушун камсыздоону жана аларды ачык-айкындуулукту жогорулатуу, билим берүү чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөрдү эске алуу, жол-жобонун негизсиз татаалдашуусуна алып келген талаптарды четтетүү максатында маал-маалы менен карап туруу зарылдыгын;
7. Жол-жобонун ырааттуулугун жогорулатууну жана чет өлкөлүк квалификацияны баалоо үчүн критерийлерди колдонууну (мында чет өлкөлүк квалификацияны таануу маселеси ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдүн баарында бирдей шартта каралуусуна кепилдик берүү менен);
8. Жалпы регион боюнча ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөр тарабынан берилген профессионалдык сертификаттарды таанууну жеңилдетүү үчүн тиешелүү кадамдарга баруунү;
9. Түркиядагы бардыгына ачык болгон (маалымат киргизүү, суроо-талап кылуу ж.б.) YÖKSİS сыяктуу ТҮРКПАнын башка мүчө-өлкөлөрүнүн жогорку окуу жайларынын студенттери жана бүтүрүүчүлөрү жөнүндө сакталган маалыматтары менен электрондук маалымат базасын түзүүнү;
10. Мыйзамдык базасы, административдик жана техникалык түзүмдөр менен иштөө шарттары боюнча алып караганда, Түркиядагы жогорку билим берүү боюнча иштеп жаткан «Таануу жана аккредитациялоо боюнча бюро» кеңешинин түзүмүн эске алууну, ошондой эле Түркия тараптан берилиши мүмкүн болгон институционалдык колдоону пайдаланууну;
11. Түрк Кеңешинин Түрк университеттеринин биригине мүчө-университеттердин ортосундагы жогорку билим берүү аймагын түзүү жөнүндө Стамбул чечиминде белгиленген принциптерди сактоону;
12. Түрк университеттеринин Орхун Союз программасы жана Түркиядагы Мевлана программасы сыяктуу окутуучулар менен студенттердин мобилдүүлүгүн шарттоочу натыйжалуу механизм катары улуттук жана регионалдык түзүмдөрдүн алкагында иштелип чыгып сунушталган алмашуу программаларына катышууну жана колдонууну;